**Банкоматта банктык карт аркылуу опарцияларды жүзөгө ашырууда коопсуздук чаралары**

• Банкомат аркылуу опеарция жүргүзүү алдында анын абалына бир сыйра көз чаптырып алуу зарыл. Күмөн жараткан кандайдыр бир жагдайды (карттагы маалыматтарды чагылдырган жабдууда, ПИН-кодду терүү клавиатурасында, банкоматтын алдыңкы тарабында же анын жанында) байкаган болсоңор, картты банкоматка салбай туруп, банкоматты орноткон банкка кайрылып, шек туудурган жагдайды дароо четтетүүнү өтүнүү талап кылынат.

• Эгерде банкоматтын жанынан шектүү адамдарды байкаган болсоңор, операцияны жарык жакшы тийген ачык, коопсуз жайда орнотулган башка банкомат же нак акча каражатын берүүчү пункт аркылуу ишке ашырууну сунуштайбыз.

• ПИН–кодду башка бирөө көрбөгөндөй мисалы, клавиатура бетин экинчи колуңар менен эч ким көрө албагандай жаап туруп терүү талап кылынат. Карт боюнча операцияны ишке ашырууда жат бирөөдөн жардам суроого болбойт.

• Банкомат бетинде төлөм системасынын маркасы жана ошол жабууда тейлөөгө алынган банктык карттар категориясы көрсөтүлгөн кагаздар чапталган.

• Операция ишке ашыруу процессинде банкоматтын экранында пайда болгон көрсөтмөлөрдү шашпастан, ырааттуу аткарууну сунуштайбыз.

• Техникалык үзгүлтүктөрдөн улам, карт банкоматта кармалып калган шартта ошол банкоматты/өзүн-өзү тейлөө жабуусун тейлеген банкка дароо кайрылуу менен картты качан жана кайсыл жерде алууга боло тургандыгын тактап алууга болот. Кармалып калган картка убактылуу бөгөт койдуруу үчүн «Бакай Банкы» ААКсынын же “Банктар аралык процессинг борбору” ЖАКтын колл-борборуна кайрылуу зарыл.

• Банкоматтан алууга ниеттенген бүтүндөй сумманы же анын бөлүгүн ала албай калган шартта, келип чыккан көйгөйлүү маселени толук чагылдырган өтүнүч кат менен банкка кайрылууну сунуштайбыз.

• «SMS билдирүү» кызмат көрсөтүүсүнө милдеттүү түрдө туташып алуу талап кылынат. Анткени, жүргүзүлбөгөн операция тууралуу SMS-билдирүү алган шартта 0(312) 61 00 61 телефон номери боюнча банктын колл-борборуна, ошондой эле “Банктар аралык процессинг борбору” ЖАКка 0(312) 66 43 25, 66 50 83 телефондору жана fraud@bakai.kg электрондук дарегине кайрылып, картка дароо бөгөт койдуруу талап кылынат.